КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
АК-СУУ РАЙОНУ

ХАН-ТЕНИРИ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
АК-СУЙСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА ХАН-ТЕНИРИ

Хан-Тенири айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин 1-чакырылышынын кезектеги 13- сессиясы

# Т О К Т О М

05.12.2025 № 87 Ново-Вознесеновка айылы

## Хан-Теңири айыл аймагындагы бала бакчалардын, спорткомплекстин жана айыл өкмөтүнүн кенже тейлөө кызматкерлеринин кызматтык маяналарына эселөө коэффициенттерин тегеректөө менен 20 %га чейин жогорулатуу жөнүндө

Хан-Теңири айыл аймагындагы бала бакчалардын, спорткомплекстин жана айыл өкмөтүнүн, мурдагы айыл өкмөттөрүнүн имараттарын тейлеген кенже тейлөө кызматкерлеринин кызматтык маяналарына эселөө коэффициенттери тегеректөө менен 20 %га чейин жогорулатуу боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 28-майындагы №167 Жарлыгын жетекчиликке алып, жергиликтүү кенеш **токтом кылат :**

1. Хан-Теңири айыл аймагындагы бала бакчалардын, спорткомплекстин жана айыл өкмөтүнүн, мурдагы айыл өкмөттөрүнүн имараттарын тейлеген кенже тейлөө кызматкерлеринин кызматтык маяналарына эселөө коэффициенттери тегеректөө менен 20 %га чейин жогорулатылсын.
2. Кенже тейлөө кызматкерлеринин кызматтык маяналарына эселөө коэффициенттери тегеректөө менен 20 %га чейин жогорулатууга байланышкан иштерди жүргүзүү Хан-Теңири айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго милдеттендирилсин.
1. Бул токтом МКК жарыялагандан кийин Ысык-Көл облустук юстиция башкармалыгына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.
2. Токтомду аткарууга алуу Хан-Теңири айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго, токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө бюджет боюнча туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага** **Т.Узаков**